DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2023

*Шаимкулова Ө.Р.*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ИНТЕЛЛИГЕНТ КААРМАНДАР

*Шаимкулова О.Р.*

# ИНТЕЛЛИГЕНТНЫЕ ПЕРСОНАЖИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА

*O. Shaimkulova*

# INTELLIGENT CHARACTERS IN CHYNGYZ AITMATOV'S WORKS

*УДК: 821.512.154*

*Бул макалада заманыбыздын эң улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы интеллигент каармандар сүрөттөлөт. Алар Айтматовдун мугалим каармандары Дүйшөн, Майсалбек, Абуталип, Мамбет, Инкамал-апай, Айша апалар ар түрдүү заманда, ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда жашаган адамдар. Алардын баарын мезгил менен мейкиндиктин мерчемине баш ийе бербеген улуу кесипке таандык түбөлүктүү асыл сапаттар бириктирип турат. Ой жүгүртүүнүн татаалданышы жана тереңдеши, билим деңгээлинин жогорулашы, инсандын, жаңы окурмандын пайда болушу, көп жагынан «интеллектуалдык жактан көбүрөөк даярдалган» кардиналдуу коомдук процесстер. Айтматовдун чыгармачылыгы – куткарылуу формуласынын толук көрүнүшү. Себеби интеллект анын тынымсыз изденүүсү болгон. Ал эми интеллигенция темасы ар дайым актуалдуу жана жаңы, анткени ал адамзат тарыхынын ар бир этабы үчүн маанилүү, анткени интеллигенциянын оорусу бул элдин өлүмүн билдирет.*

***Негизги сөздөр:*** *интеллигенция, образ, мугалимдер, чыгармалар, педагог, турмуш, согуш, балдар, каармандар, кесип ээлери.*

*В этой статье описываются интеллигентные персонажи произведений величайшего писателя современности Чынгыз Айтматова. Это герои-учителя Айтматова Дуйшон, Майсалбек, Абуталип, Мамбет, Инкамал-апай, Айша апа, люди, живущие в разные времена, в разных жизненных ситуациях. Все они объединены вечными благородными качествами, присущими великой профессии, которая не всегда подчиняется измерениям времени и пространства. Усложнение и углубление мышления, повышение уровня знаний, появление личности, нового читателя, кардинальные социальные процессы, во многих отношениях «более подготовленные интеллектуально». Творчество Айтматова – полное воплощение формулы спасения. Потому что интеллект был его постоянным стремлением. С другой стороны, тема интеллигенции всегда актуальна и нова, поскольку она важна для каждого этапа истории человечества, поскольку болезнь интеллигенции представляет собой смерть этого народа.*

***Ключевые слова:*** *интеллигенция, образ, учителя, произведения, воспитатель, жизнь, война, дети, персонажи, профессионалы.*

*This article describes the intelligent characters of the works of the greatest writer of our time, Chyngyz Aitmatov. These are the heroes-teachers of Aitmatov Duishon, Maysalbek, Abutalip, Mambet, Inkamal-apai, Aisha apa, people living in different times, in different life situations. All of them are united by the eternal noble qualities inherent in a great profession that does not always obey the dimensions of time and space. The complication and deepening of thinking, the increase in the level of knowledge, the emergence of a personality, a new reader, cardinal social processes, in many respects «more intellectually prepared». Aitmatov's creativity is the complete embodiment of the formula of salvation. Because intelligence was his constant pursuit. On the other hand, the topic of the intelligentsia is always relevant and new, since it is important for every stage of human history, since the illness of the intelligentsia represents the death of this people.*

***Key words:*** *intellectuals, image, teachers, works, educator, life, war, children, characters, professionals.*

**Киришүү.** Кыргыз адабият жаатында жазуучулардын баары эле чыгармаларында мугалимдин образына же педагог кесибине көңүл бөлө береген эмес, дал ушул темага кайрылган жазуучуларды атасак Ч.Айтматов, Ж. Мавлянов, Ж.Таштемиров, М.Жангазиев, Н.Байтемиров Ш.Бейшеналиев, Т.Сыдыкбе-ковдор. Мугалим – XX кылымдагы кыргыз коомунда аябагандай чоң күч болгон, алар элдин сабатын ачууда, калкты коллективдештирүүгө, социализмди курууга үндөөдө, согушта жеңиш үчүн кам көрүүдө эбегейсиз эмгек сиңирген. Ошол мезгилдеги чыныгы мугалимдердин нравалык статусу жогору болуп, алар балдарды сүйгөн, моралдык сапаттары бийик, илим-билимге умтулуусу ар дайым активдүү, атуулдук-мекенчилдик позициясы бийик тургандыгы менен айрымаланган. Авторлордун каармандарынын баары чыныгы жашоодон алынгандыгы үчүн, турмушта болгон окуялар ошол образдар аркылуу чагылдырылат.

Заманыбыздын залкар жазуучусу Ч. Айтматов да чыгармаларында интеллигенция темасынын көрсөткөн, бирок, так ушул көйгөйдүн – көз карашынан алганда, анын жазгандарын карoo аракети болгон эмес. Мына ушундай эле кыргыз адабиятында кийинки ондогон жылдардагы башка прозаиктердин каралып жаткан эмгектеринде да белгилуу боштук бар, анын маңызы интеллигенциянын темасы катары көркөм чыгармаларды талдоонун өтө перспективалуу жолун иштеп чыгууда жатат.

Айтматовдун чыгармаларында образдардын метафоралык мүнөзүн, сюжеттердин мифологизациялanышын, стилинин оригиналдуулугун белгилөөгө болот. Демек, маңкурт жөнүндөгү уламыштагы Найман-эне менен Борондуу Эдигей адамдарга от - кудайдын эркинен кутулуунун жолун ачкан Прометей сыяктуу культ баатырлары менен бир катарга коюлат. «Ак кеме» Момун чоң ата үчүн миф-тотем анын табияттагы ордун көрсөтсө, Бала үчүн бул анын чоңоюшуна

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



кызмат кылган жомок. Биздин көз алдыбызда агып жаткан эмпирикалык доордон мурда болгон ыйык мезгилде башталган нерсе түпкү себептердин чөйрөсү, андан кийин болгон бардык нерселердин булагы болуп чыгат. Айтматов менен алар биригет, бири-бирине кошулат, оппозициялык эмес: Дөнөнбай кушу бири-бирине дал келбеген эки дүйнөнү, согуш менен азыркы заманды байланыштырат, куш жомоктогу мифтик дүйнө менен катаал турмушту айкалыштырат. Диахрония – же, ар кандай мезгилдеги катмарлардын айкалышы - акыркы жылдардагы романга мүнөздүү өзгөчөлүк.

**Материалдык жана изилдөө ыкмалары**. Романдагы интеллигенция темасын татаалдаштыруу тенденциясына бир катар себептерди санап жооп берүүгө болот: биздин доордун эбегейсиз зор тарыхый тажрыйбасы жана чыгармачылык пафосу, романдык ой жүгүртүүнүн татаалданышы жана тереңдеши, инсандын билим деңгээлинин жогорулашы, жаңы окурмандын пайда болушу, көп жагынан «интеллектуалдык жактан көбүрөөк даярдалган» кардиналдуу коомдук процесстер.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы психологизмге, «маалыматтык-өздүк башталышка» басым жасоого аракет кылып, эки терек өскөн дөңсөөдөгү аймактын артындагы «Дүйшөндүн мектебинин» атын сактап калган коомдук эс тутум, же эне менен жердин эскерүү күнү тууралуу диалогу түз композициялык мааниге ээ болсо, «Бороондуу бекет» романында эскерүү «биринчи кезекте декларативдик түрдө берилген».

**Иштин жыйынтыгын талдоо.** Чыңгыз Айтматовдун мугалим каармандары Дүйшөн, Майсалбек, Абуталип, Мамбет, Инкамал-апай, Айша апалар ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда жашаган адамдар. Бирок, аларды мезгил менен мейкиндиктин мерчемине баш ийе бербеген улуу кесипке таандык түбөлүктүү асыл сапаттар бириктирип турат.

«Ирик түймө жүн жоолугун ороно салынса да болбой үшүгөн Инкамал апай өзүнөн бетер көк тумшук болуп отурган балдарга география сабагында Индия океандын жээгинде жайгашкан жомоктогудай Цейлон аралы жөнүндө айтып берди...[1. 365-б.] - деп Чыңгыз Айтматов мындайча Инкамал-апайды сүрөттөйт. Анын прототиби чыныгы Инкамал апай болуп кызмат кылган, ал жазуучуга согуш жылдарында сабак берген. Автор өзү туулуп-өскөн Талас районундагы Шекер айылында жашаган мугалимдин образын чагылдырат. Согуштун кыйын кезинде балдарды окутуп тарбиялаган Инкамал апайдын не бир таасирдүү сабагын угуп олтурган балдар бир көз ирмемге болсо да согушту унутуп, кыялдарында ысык Цейлон жерине саякаттатып келишет. Ошол убакта отун жетишпей, класстар жылыбай , балдар көк муштум болуп үшүсө да, эжейдин сабагы алар үчүн эң кызыктуу болуучу. Мындай татаал күндөрүндө Инкамал апай балдардын демин түшүрбөй, аларды ичинен аяп, сыртынан оор тарта сабагын өтүп жүрдү. Ушул эпизоддон чыныгы интеллигент каармандын сүрөтүн автор бизге даана көрсөтөт.

Абуталипти эң сүйүктүү жайы мектепте иштөө укугунан ажыратышып, нечен жолу куугунтукташкан менен анын мугалимдик нарк-насилинен, ишенимдеринен биротоло айрый алышпайт. Абуталип кор абалында кордугун билдирбейт. Тагдырына наразы болуп кейий бербей, кесиптик даражасын бийик кармап темир жолчулуктан тышкары убакта балдарды окутуп, тарбиялоо ишин уланта берет. Сары-Өзөктүн кыйырындагы өздөрү айткандай «дүйнөнүн каргыш тийген жери» Бороондуу бекеттегилердин балдарына мектеп, мугалим жоктугун билгизбейт. «….Балдары ал үчүн бүтүн бир дүйнө. Колу бошой калса эле балдарына үйрүлөт. Кат сабат үйрөтөт, ар кандай жомок, табышмак ойлоп айтып берет, жаңы оюндарды ойнотот. Балдарынын сезимине өзүн тереңирек сиңирип, алар менен кошо өзү көбүрөк жашап калууга ашыгат» [2]. Анын катардагы киши эмес чебер педагог экендигине ынанып «…Билимдүү киши, окутуучу деген ушу тура. Чоң эле кишилер бала менен бала болуп, балдарга кандай мамиле жасаарын карап олтуруш өзүнчө кызык…» - деп, Эдигей да алдыртан туйуп суктанат. Масштабдуу ойлонгон даанышман педагог катары Абуталип балдарга эле эмес, башкы кейипкерлер - Эдигейге да, Казангапка да күчтүү таасир көрсөтөт, өткөнгө, азыркыга, келечекке көз карашын ачыкка чыгаруу менен алардын көкүрөгүн агартат, көзүн ачат.

Бул педагогикалык оптимизм Абуталиптин сөзү менен төмөнкүчө берилет. “Турмуш мени жоготоюн деп ар качан ушуякка түрткүлөп, сүрүп туруп алды, мен эми балдарыма ой санаамды жазып кетем, качандыр бир кезде балдарымдын пейилинен кайра жаралам. Мен жетпегенге, менин колуман келбегенге балким балдарым жетер, колунан келээр… Бизге караганда балдардын турмушу татаалыраак болор, кыйыныраак болор. Андай болчу болсо жаштайынан мээси толо берсин…” деп ой жүгүртөт ал [2]. Балдарга адалдык менен арамдыктын, чындык менен калптын айрымасын таанытуу, татыктуу таалим-тарбиясыз мүмкүн эместигине башкаларды да ынандырат. Тансыкбаев сыяктуу жексур, жырткычтардын чеңгелинде калып, балдары менен экинчи жүз көрүшө албасына көзү жеткен учурда да Эдигейден жалгыз керээзи - «балдарга деңиз жөнүндө айта жүр» - деген өтүнүч болду. Ал эми деңиз жөнүдөгү уламалар ата тарбиясынын айтса бүтпөс армандуу, уңгулуу осуяттары эле.

Бул Абуталиптин бүткүл келечегин жарык кылган жалгыз жолу, эртеңкиден үмүтү. Абуталиптин образы – мугалимдик кесиптин маңызын этномаданият айдыңынан талдоо үчүн да бай материал берет. Ал

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



таалим-тарбия дегендин өзүн өткөн чак, учур чак, келечектин контекстинен аңдайт. Эне-Бейит аңызынан агып чыккан Манкурт тууралуу уламышта катылган тарыхый эстутум трагедиясынын сабактарын зирек акыл менен терең аңдап, адамдардын аң-сезимине эскерткич осуят катары уялатыш үчүн активдүү күрөшкөн көкүрөгү тунук, көзү ачык чыныгы педагогдун өрнөгүн көрсөтөт. Бул өрнөк азыркы кыргыз мектептеринин мугалимдери, тарбиячылары үчүн өзгөчө мааниге ээ. Анткени, эгемендүүлүктүн шарапаты менен тоталитардык коомдун тиреги болгон коммунисттик тарбиянын дөөлөттөрү эчак кыйраса да, жаштарды улуттук негизде тарбиялоого моралдык-психологиялык, теориялык-практикалык жактан даярдыгы мыкты мугалимдердин катары дале болсо анчалык көп эмес...

Маңкуртка айланган туткун уулуна Найман эне атасынын атын эстетип: «Сенин атаң Дөнөнбай» деп эскерүүсүн кайтарууга аракет кылат. Ал эми Найман-эне уламышындагы чымчык: «Эсиңдеби, сен кимдикисиң? Сенин атың ким? Атаң Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай! (Айтматов 1983: 318). Казак жана кыргыз эпосторунун эстеликтери элдик идеяларда ата, эне, ата-бабалар менен байланыш өтө маанилүү жана ажырагыс мааниге ээ экендигин айгинелеп турат. Алардын күчү эс-тутум менен аныкталат. Эстутумдун бузулушу руханий өлүмгө барабар. Адамды эс тутумунан ажыратуу эң коркунучтуу жаза катары эсептелген. «Туткундун башын чечип коюу, же адамдын эстутумун чаап, акыл-эсин талкалагандан көрө, рухка башка зыян келтирүү алда канча жеңил» деп айтылат романда. Абуталибдин анын турмуштук тажрыйбасын, башынан өткөн жана башынан өткөргөн ой-пикирлерин балдарга калтыргысы келген. Абуталиптин жашоосунда ал үчүн кайгылуу натыйжага алып келген эки окуя айкалышат: туткунда болуу жана Югославиянын боштондук армиясында кызмат өтөө. Абуталип үй-бүлөсү менен Сары-Өзөккө келип калганына карабай, андан ары, Едигейдин айтымында, айдай турган жери жок, бирок бул жерде да кыраакы ревизордун кейпин кийген тагдыр аны кууп жетет. Абуталипти туткунда эс-тутумдан ажыраткан жок, тынчтыкта аны душмандар эмес, жердештери ажыраткылары келет. Бул эстутумду сактап калуу жана өткөрүп берүү каалоосу үчүн ал өз өмүрү менен туткун да, партизан да болгон карапайым мугалим Абуталип Куттыбаев ушул мешке жарашкан, балдарына бакыт тилеген, билимин шакирттерге берген, бирок Тансыкбаевдей дегендердин бири. Тансыкбаев - казак тектүү өзбек сүрөтчүсү. Ал изденүүчү, өзгөчө ойчул адамдарды жактырбайт: «Бизден башкача ойлонгон эч ким... жазалоочу КГБ кылычынан кутула албайт...».

Болгондо да система ой жүгүртүүсү өзгөчө, өз алдынча ойчул жана таланттуу адамдарды коомго коркунучтуу деп эсептеген. Бул - Абуталип, анын “Сары Өзөктүн өлүмү” деген легендасы буга далил. Көзү кайчылаш тергөөчүгө легендада мугалим жогорку бийликти айыптап, жеке адамдын кызыкчылыгынан мамлекеттин кызыкчылыгын жогору коюу идеяларын жокко чыгаргандай сезилет.

«Фудзиямадагы кадыр түндө» мурдагы мугалим Айша апа эбак пенсияга чыкса да, бир убакта өзү окуткан балдары Иосиф Татаевич, Исабектердин адеп-ахлактык жактан бүкшүп бузулган абалын көрүп, чын ниеттен берген таалим-нускаларынын эмне үчүн жугумсуз болуп калганынын себептерин аңдап түшүнө албай жаны кейийт. «… Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчү элем. ... Мына эми минтип кабыргам кайышып жаным катуу кейип олтурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас, анда өзүмдө да айып бар…. Кай жерден ..... эмнеден жаңылыш кетирдик. Билбейм, башым маң…» [3, 59-б.] - деп трагедиянын түпкү себебин өзүнүн жана кесиптештеринин ишинен издейт.

Педагогикалык ишке өзүн арноо үлгүсү «Биринчи мугалим» повестинде да борбордук идея. Алсак, Дүйшөн азыркыдай имараттар мындай турсун мурда бир байдын атканасы болгон тамды оңдоп-түзөп айланасындагылардын, ачуу тили менен шылдыңына кабылып, эчен жолу көпкөн байлардын союлунан эстен тана токмок жеп, өмүрү кыл учунда турса да, балдарды окутуу аркылуу калкты караңгылыктын капканынан сууруп чыгууга зор кайрат менен чечкиндүү аракеттерди жасайт. «Биринчи мугалим» повестиндеги Дүйшөн чала моңол мугалим болсо да ушул педагогикалык улуу акыйкатты жүрөгү менен тааныган. Повестте Дүйшөндүн мындай дем бергич, шыктандыргыч касиеттерин сүрөттөгөн педагогикалык этюддар арбын. Дүйшөн адилеттик, гуманизм, боорукердик, чынчылдык үчүн күрөшүүчү катары көрсөтүлөт.

Дүйшөндүн бул аракети айыл тургундарын туура жашап жатабы, ишенген баалуулуктары эскирип калганбы деп олуттуу ойлонууга түрткү берди. Убакыттын өтүшү менен Дүйшөндүн идеясын жактоочулар көбөйдү. Алардын жашоосунда бир нерсени өзгөртүү керек экенин жакшы түшүнүшкөн. Дүйшөн – эркиндик өкүм сүргөн, эң бийик баалуулук болгон жаркын келечекке, адамдардын караңгылыктан жарыкка өтүүгө жардам берген көпүрө.

«Саманчынын жолундагы» өзүн эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөн Майсалбектин согуштан өлүм сапарына аттанып олтуруп жазган катында дал ушул маани катылган. «…Мына, азыркы окуучу жаштарга менин биринчи жана эң акыркы берип кетер сабагым ушул, аларга окутуп кеткен билимим да ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан бардык билимимди, бардык дилимди жумшайм …» [4]. Майсалбек артында

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



туягы калбаса да анын сабагы, өрнөгү тынчтык турмуштагы баланын ыйлаган үнүндө, бой жеткен кыздын жоодураган көздөрүндө, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасында жаңырып жана жашап турарына бекем ишенет.

Чыңгыз Айтматов социалисттик түзүлүштүн бардык идеяларын тайманбастык менен чагылдырып, чыныгы коммунисттин образын көрсөткөн. Ал башкы каарман, жаңы муундун эң жаркын өкүлү. Анын автору аны прогрессивдүү, кеңири көз карашка ээ жана жалпы адилеттикти орнотуу үчүн курмандыкка барууга даяр деп эсептейт.

Айтматовдун чыгармачылыгы – куткарылуу формуласынын толук көрүнүшү. Себеби интеллект анын тынымсыз изденүүсү болгон.

**Жыйынтыктоо.** Ошентип, интеллигенция темасынын кандай мотиви байыркы же азыркы адабиятта болгондордун бардыгынан эске алынбасын, аны азыркы авторлордун эмгектеринен табууга болот. Демек, искусство, анын законадору, принциптери, методдору, бардык формалары жана ыкмалары мезгилсиз жана универсалдуу. Бир сөз менен айтканда, Чыңгыз Айтматовдун кайсы гана чыгармасы болбосун (же башка автордун) изденүү, тагыраагы, ой жүгүртүү жана азыркы менен байыркынын тең бирдей мүнөздүү өзгөчөлүктөрү табылат. Ал эми азыркы жазуучулардын чыгармаларында жана искусство тармагында «убакыттын күчү жок» экени анык.

Жалпы мейкиндик – Жер, жалпы убакыт – адамзаттын тарыхы, мунун баары биздин бүгүнкү, жалпы тагдырыбыз жана келечегибиз. Ал эми интеллигенция темасы ар дайым актуалдуу жана жаңы, ошондой эле адамзат тарыхынын ар бир этабы үчүн маанилүү, анткени интеллигенциянын оорусу- бул элдин, улуттун өлүмүн билдирет.

Мына ошондуктан интеллигенциянын өсүп-өнүгүүсү үчүн, ар бир атуул жан дилибизден кызмат кылып, алардын бизге калтырган мурасын сактап, келечек муунга өткөрүп берүүбүз негизги милдетибиз болуусу абзел.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А., Кадырманбетова А., Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы: 2-том. Повесттер. Диалог. - Б.: "Улуу тоолор", 2018. - 596 б.
2. Акматалиев А., Кадырманбетова А., Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы: 3-том. Роман. Диалог. - Б.: "Улуу тоолор", 2018. - 522б.
3. Акматалиев А., Ыйсаева Н. Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы: 7-том. Драма. Диалог. - Б.: "Улуу тоолор", 2018. - 544б.
4. Акматалиев А., Ыйсаева Н., Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы: 1-том. Повесттер. - Б.: "Улуу тоолор", 2018. - 524 б.
5. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века: учебник. 2-е изд., доп. - Бишкек, 2014. - 544 с
6. Ызабекова Д.А. Жунай Мавляновдун чыгармаларынын идеялык-эстетикалык өзгөчөлүктөрү. Дисс… филол. илим. канд.: 10.01.01/ Ызабекова Д.А. - Бишкек, 2015. - 158 б.
7. Абдиева Ж.К. Влияние Чынгыз Айтматова на духовные ценности. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 62-65.